Кубанычбек Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби.

# Ачык сабак

**Тема :** Касымалы Баялинов "Ажар" повести

(23-сенябрь Кыргыз тили - Мамлекеттик тил күнүнө карата)

**Класс:** 9

**Мугалим :** Мамбеталиева С.И.

2022-2023-окуу жылы

**Кыргыз адабияты**

**Тема:** Касымалы Баялинов "Ажар" повести .

**23-сентябрь Кыргыз Мамлекеттик тил күнүнө карата.**

**Сабактын максаты:** 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө карата арналган ачык сабакта К.Баялиновдун "Ажар" повести жөнүндө алган билимимди бышыктайбыз .Кыргыздар кылым карытып ,канча кыйынчылыкты баштан өткөрсө да ,ошо менен бирге анын тили,дили жана үрп –адаттары муундан-муунга сакталып келе жатканына күбө экенибизди ушул сабакта далилдейбиз.

**Сабактын тиби:** бышыктоо сабагы.

**Жабдылышы :** сүрөт,проектор доска,макал.

**Сабактын жүрүшү:**Уюштуруу иши

Саламдашуу

Сабак КР Гимни менен баштоо

Жагымдуу маанай менен баштап бири бирибизге каалоо –тилек айтып өтөлү.

**Мугалимдин сөзү:**

Балдар ,биз бүгүнкү сабакта К.Баялиновдун "Ажар" повести жөнүндө билгенибизди тереңтетип бышыктайбыз.Ажар кыргыз адабиятындагы туңгуч повестердин бири. Бул повест 1929-жылы жарык көргөн.Повестин башкы каарманы Ажар аттуу жөнөкөй кыргыз кызы болгон.Ал бир үй бүлөнүн жалгыз,эрке кызы.

Ажар повести кыргыз адабиятта 1916-жылга коюлган чоң эстелик болуп саналат.

Бул чыгармада кыргыз элинин башына түшкөн 1916-жылдагы кайгылуу Үркүн жана анын курмандыгы болгон Ажардын окуясы сүрөттөлөт.Бул трагедиялуу образ менен кыргыз элинин ошол кездеги башынан өткөргөн апааты берилген.

**Повесттин мазмуну .(окуучулар ар бир пункту баяндап айтып беришет)**

**1.**Ажар Үркүнгө чейинки жашоосу:

Ажар Айткулунун карганда көргөн жалгыз кызы болчу.Ажар үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй ,бир үйдүн жалгыз ,эрке кызы эле.

**2.**Көтөрүлүштүн чыгуу себеби :

Ар бир түтүндөн бир кишиден ирет болуп аскерликке чыксын деп манаптар буйрук кылышты.Ал иретке Айткулуну да чакырышты.

**3**. Кытайга качкан элдин жолдогу азабы:

Эл Тянь-Шаньдын Бедел,Бирикти,Көк Ирим,Ак Өгүз ашууларына бөлүндү. Батманын айылы Ак Өгүздү ашмакчы болду.

**4**.Бөтөн өлкөдө элдин көргөн күнү:

Журт Турпанга түштү.Тарап шаар шаарга кете баштады.Батма ,Козубек болуп Турпанда калышты.

**5**.Ажардын энеси Батманын өлүмү.Ажардын колдон колго өтүп сакталышы.

**6**.Ажардын качып чыгышы ,карышкырга жем болуусу.

Мугалимдин сөзү:

Мына ушундай кыйын күндөрдү кыргыз эли Журт башынан кечирип келишкен.Ошондой кыйын күндө да кыргыздар кырылып жок болгон жок,ошо менен бирге анын тили өчпөй кылым карытып келе жатат.

1.Кыргыз тили качан кабыл алынган ?

2.Кыргыз тили мен үчүн эмне?

3. Кыргыз тилине кошкон салымыңар.

Кыргыз тили жөнүндө кандай ыр саптарды билесиңер?

Абалтадан салт санаасын сактаган,

Акыл оюн алыс жолдо тактаган.

Кылымдардан кылымдарды карыткан,

Кыргызымдын тили менен мактанам.

Асманда бал-был жанган жылдыз тилим,

Ааламга аты чыкканаты чыккан Чыңгыз тилим.

Арыбай кылымдарды багынта бер,

Ардагым Ата-Мурас кыргыз тилим.

Кыргында далай беттешип

Кыргыздар нени көргөн жок

Кырылып көбү өлсө да

Кыргыздын тили өлгөн жок

Кыпкызыл канды кечишип

Кыргызды кимдер жеңген жок

Кыргызды кырып жеңсе да

Кыргыздын тилин жеңген жок

Кылычын кайрап от чачып

Кызыгып кимдер келген жок

Кыргында жанын берсе да

Кыргызым тилин берген жок.

1916-жылы Үркүн , 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башынан кечирип ошол кыйын күнду башынан өткөрдү.ошого карабастан ушул күнгө чейин кыргыз тили ,кыргыз калкы Журт болуп, эгемен мамлекет болуп келе жатат.

Доскага илинген макалдарга көз чаптыруу .

Биз бүгүнкү сабакта өзүбүздүн билгенибизди тереңдетип,оюбузду бөлүшүп бири бирибизге жагымдуу маанай дагы каалап өттүк.

**Бышыктоо :** Ажардын монологу.

***Жаным ,апа,жаным апа! Тур ! Жетим тайлактай болуп боздоп жалгызың келип,жалооруп жаныңда турат .жалгызыңдын сөзүн ук,аны ая,апакебай! Жалгызың бүгүнтөн баштап ата бабасы таанybаган бироого сатылганы ага баш байлаганы жатат.андан кутказ,азапты көргөзбө,ач койнуңду апкебай.Сенин багат көрөт деген тууганың,сенин өлгөнүңө кайгулуу болуп кан жутуп санаркап жүргөн кезимде мени ботон бироого сатып кетип ,сай сөөгүмдү сыздатты,муңдантты! Мага да өлүм керексинтти. Кыздын барар жери күйөө дегендей ,мени менен теңтуш болсо жаттыгына карабай мейли дээрлик элем. Бирок ал , маркум атамдан да улуу неме экен. Ага кантип барам , канткенде аны өмүрлүк жолдош кылам .Андан кантип кутулам,оо жараткан ай! Мунуң эмне? Анык бар болсоң ,мени неге көрбөдүң?! Эми менин сенден башка таянар тоом,жашынар бутам калбай калды? Сага берген өлүмдү кудай мага ыраа көрбөдү.Эми эмне кылам,кудай ай!***

**Үй тапшырма :**”Ажар азаттык талашкан ,издеген кыздардын бири “ деген темада дилбаян жазып келүү

Окуучулардын активдүүлүгүнө жараша баалоо.